Бекитем,
Мектеп директорунун милдетин
аткаруучу ____________ Кенеева Г
«5» сентябрь 2022ж.

**Мектеп парламентинин иш алып баруусу жөнүндө**

ЖОБО

**1. Жалпы жоболор**

1.1 Мектеп парламенти мектептеги окутуу жана тарбиялоо процессине активдүү катышуу, окуучулар менен мугалимдер ортосундагы мамилени чыңдоо , окутуу жана тарбиялоо процессин жакшыртуу максатында уюштурулат

1.2. Мектеп парламенти ар бир окуу жылынын башында окуучулардын тандоосу(шайлоо), же болбосо мектеп администрациясынын, мугалимдер жамаатынын сунуштоосу аркылуу түзүлөт

1.3. Мектеп парламентинин түзүмү төмөндөгү министрликтерден турат:

-Президент
- Премьер министр
- Билим министри
-Маданият министри
- Экология министри
- Ички иштер министри
- Спорт министри-

1.4. Аталган министрлер президенттин башкаруусунда иш алып барат;

1.5. Мектеп парламентин мектептин уюштуруучусу жетектейт.

1.6. Көйгөйлөрдү чечүүдө мектеп администрациясы, мугалимдер, ата-энелер коомчулугу менен биргеликте иш алып барат

1.7. Парламент мүчөсү тийиштүү жумуштарды аткаруудан баш тарткан учурда, же болбосо тийиштүү денгээлде иш алып бара албаса, парламенттин отурумунда каралып, башка окуучуга алмаштырылат

**2 Мектеп парламентинин иш алып баруусу**

2.1. Мектеп парламентинин жылдык планы иштелип чыгат жана пландын аткарылышын мектеп президенти жана уюштуруучу көзөмөлгө алат

2.2. Мектеп парламентинин отуруму бир жумада бир жолу өткөрүлөт

2.3. Отурумда жүргүзүлүп жаткан жаткан иштердин жумалык жыйынтыгы чыгарылат

2.4. Парламенттин айлык отурумунда ар бир министр аткарылып жаткан жумуштары боюнча отчет беришет

2.5 Баланын укугуна жана кадыр- баркына шек келтирбей, ошол эле учурда демократташтырылган принципте иш алып барат

2.6. Койгойлорду чечүүдө акыйкаттуу жана натыйжалуу болушуна аракет кылышат

**3. Мектеп парламентинин укуктары**

3.1 Мектеп Уставынын негизинде жана ушул жобонун негизинде окуучулардан мектеп кабыл алган форманы талап кылууга

3.2 Кечиккен окуучуларга мектеп кабыл алган эрежелердин негизинде чара колдонууга

3.3 Мектеп администрациясына мектептин ички эрежелери боюнча сунуш киргизүүгө